ИШТЕСЕҢ-ТИШТЕЙСИҢ

Майрам алдында жакшы жаңылык коштоп, Узун-Кыр суу пайдалануучулар ассоциациясы Суу чарба жана мелиорация департаментинин алдындагы "Айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жана тамак-ашты жакшыртуу" долбоору тарабынан трактор алышты. Трактордун өз баасы 2 млн.206 миң сомду түзүп, 50%ын СПА 7 жылдык мөөнөттө төлөп берсе, калган 50%ы Бүткүл дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган.

Аталган СПАнын директору Бакай Малтаев үч жыл аралыгында ассоциациянын карыздарынын көп бөлүгүн жоюуга аракет жумшаган. СПАнын жүргүзгөн ишинде жаңы алынган трактор өзгөчө орунду ээлеп, ишти бир топ жеңилдетет. Мамлекеттик фонддун карызы жоюлса алдыдагы жаңы мүмкүнчүлүктөргө жетишүүгө болот.

Өз кабарчы.